**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жана Кыргыз-түрк "Манас" университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.16.534 Диссертациялык кеңешине философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн көрсөтүлгөн Туратбек кызы Жазгүлдүн 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча жазылган «Билим берүү феномени социалдык мобилдүүлүктүн фактору» аттуу кандидаттык диссертациясына расмий оппонент, философия илимдеринин доктору, профессор Э.К.Шарипованын**

# П И К И Р И

**I.Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Тандалып алынган тема мезгилдин өтө актуалдуу проблемаларынын бирин изилдөөгө арналган. Диссертациялык иште билим берүү проблемасы ата-мекендик философияда биринчилерден болуп комплекстүү философиялык талдоого алынган. Изденүүчү бүгүнкү күндүн коомдук түзүлүшүндөгү адамдын социалдык мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу негиз - билим берүүгө социалдык-философиялык талдоо жүргүзгөн.

Билим берүү коомдун жашоо-турмушун жана өнүгүүсүн, адамзаттын тарыхый-коомдук ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүн аныктоочу негизги жана зарыл социалдык чөйрө, социалдык институт катары ишмердүүлүктө, өзүнүн башкы максаты болгон социалдаштырууну калыптандырат.

**II.Илимий жоболордун, корутундулардын жана сунуштардын негизделүү даражасы**

Кандидаттык диссертациядагы илимий жоболор, корутундулар, сунуштар изденүүчү тарабынан терең негизделген. Автор коргоого сунушталган илимий жоболордо социалдык мобилдүүлүктү камсыз кылууда билим берүү процесси факторлор системасынын өзөгүн түзүп, коомдогу жашоо-турмуштун максаттарын, милдеттери менен баалуулуктарын аныкташын теориялык-методологиялык жактан ынанымдуу түрдө негиздөөгө аракеттенет жана билим берүүнүн маңызы анын социалдык функцияларынын жыйындысы менен мүнөздөлөт деп далилдейт. Анткени, билим берүү адамдын жеке инсандык сыпаттарынын алкагында анын социалдык мейкиндиктеги тынымсыз кыймыл-аракетин камсыз кылып турушу баса белгиленет. Тактап айтканда, билим берүүнүн

мазмуну, «билим берүүнүн мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү» аттуу түшүнүктүн алкагында кеңири ачылып берилет.

Изденүүчү билим берүү адамдын акыл-эсинин өнүгүшүнүн негизинде пайда болуучу, анын жаңы образын, кесиптик компетенттүүлүгүн, маанилүү сапаттарынын калыптанышын ишке ашыруучу процесс катары кызмат аткарышын, инсандын социалдык мобилдүүлүгүнүн негизги фактору экендигин ишенимдүү түрдө негиздейт.

Диссертант билим берүүгө социалдык орун которуу процессиндеги объективдүү жана субъективдүү шарттардын жыйындысы таасирин тийгизишин коомдук мобилдүүлүк белгилүү бир мамлекеттик түзүлүштө, социоэкономикалык жана социомаданий өзгөчөлүгү бар конкреттүү коомдо жүзөгө ашышын далилдөө аркылуу негиздейт. Илимий деңгээлде иштелип чыккан билим берүү системасынын шарттары жыйынтыгында социалдык мобилдүүлүк процессинин объективдүү курамын түзүшүн аныктайт. Ал эми субъективдүү кызыкчылыктардын, жөндөмдүүлүктөрдүн, талаптардын системасынын, факторлордун комплекси социалдык мобилдүүлүктүн маңыздуу жактарын калыптандырышы белгиленет. Практикалык шарттардын комплекси учурдагы коомдук түзүлүштөгү билим берүүнүн мобилдүүлүк даражетин оптимизациялоочу ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга багытталышы далилденет. Билим берүүнүн маңыздуу негиздерин түшүнүү, ага шайкеш иш-аракеттерди иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк бериши негизделет.

**Диссертациядагы корутундулар, сунуштар терең негизделген.**

1. Диссертант билим берүү адамдын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу фактор катары социофилософиялык анализдин маанилүү обьектилеринин бири болуп эсептелишин негиздеген. Анткени адам бир коомдук катмардан экинчисине трансформацияланганда билим берүүнү эске алуу зарылчылыгы келип чыгат.

2. Корутунду ынанымдуу. Автор билим берүүнүн бардык философиялык чечмеленүүлөрүн социомаданий феномен катары эки негиз боюнча классификациялоого болот деп негиздейт. Биринчи классификациянын негизинде коомду элиталарга жана массага бөлүштүрүү теориясын жактоочулары билим берүүнүн ролун жана социалдык мобилдүүлүктү камсыз кылуудагы мүмкүнчүлүктөрүн ар башкача аныкташкан. Экинчи классификация билим берүүнүн маңызы туурасындагы ар кыл социофилософиялык элестөөлөрдү чагылдырып турат. Биринчи ыкмага коомдук функциялар аркылуу жүзөгө ашырылган билим берүүнүн социалдык маңызына басым жасоо, аны коомдун борбордук түзүүчү курамы катары элестетүү аракети мүнөздүү экендигин теориялык, методологиялык жактан далилдейт. Билим берүүнүн маңызы туурасындагы аталган элестөөлөрдүн жактоочуларынын арасында философиялык антропологиянын өкүлдөрүн, билим берүү

философиясынын алкагындагы билим берүү концепциясынын иштеп чыгуучуларынын бир бөлүгүн белгилейт.

3. Корутунду обьективдүү мүнөзгө ээ. Билим берүү адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн факторлорунун системасында өзгөчө орунга ээ экендигин негиздейт. Ал өзүнөн өзү эле пайда боло калбайт, коомдук жашоонун бардык катмарларына сүңгүп кирип, коомдук жана индивидуалдык болмуш менен дал келишет. Көз карандысыз аймак болуу менен бирге билим берүү коомдун ар бир катмарына кирүүсүнө өбөлгөлөрдү түзөт. Билим берүү коомдук реалдуулуктун кайра өндүрүүчүлүк процессине органикалык кошулушу аны коомдук мобилдүүлүктүн факторлорунун системасын (өзгөчө азыркы коомдогу) функциялаштыруу катары анын маанисин шарттап турат. Саясат, бизнес, илим ж.б.у.с. коомдук көрүнүштөрдүн негизинде туруу менен ал адамдын билимдеринин, индивидуалдуу-инсандык мүнөздөмөлөрүнүн, дүйнө көз караштарынын комплексин берет.

4. Жобо теориялык жана методологиялык жактан негизделген. Коом канчалык татаал болсо, адамдын кыйла жогорку коомдук абалына болгон жолунда билим берүүчүлүктө кемчиликтер күтүп турат. Өзгөчө мааниге окутуунун бирден-бир маанилүү натыйжалары – билимдер эсептелет, алардын жардамы аркасында пайда болуучу туурасындагы адамдын бүтүн элестөөлөрүнүн калыптануусу болуп өтөт. Билим берүү мобилдүүлүктү камсыз кылуудагы дараметин күчөткөн спецификалык сапаттарга ээ болуп, коомдук мобилдүүлүктүн башка факторлорунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды түзүп бермекчи. Мындай сапаттардын катарына анын идеалдуулугу, ажырагыстыгы, демократиялуулугу, ийкемдүүлүгү таандык болот. Билим берүү азыркы коомдо салттуу жалпы таанылган мамлекеттик башкаруу менен байлык коомдук ресурстарына карата да таасирлүү социалдык ресурс болуп эсептелет.

5. Жобо негиздүү. Билим берүү өзүлөрүнөн өзү бийликтин булагы эле болбостон, күч менен байлыктын да маанилүү компоненттеринен боло алат. Анткени ал коомдук мобилдүүлүктүн башка жолдорунан айырмаланып төмөнкү деңгээлде коомдун социоэкономикалык жана саясий чөйрөлөрүндөгү термелүүгө дуушар болот. Билим берүүнүн консервативдүүлүгү бул жаатта анын оң сапаты катары каралат дагы коомдук мобилдүүлүк факторлорунун системасындагы өзгөчө ролу "билим коомун" түзүүгө багытталган коомдун модернизациясы менен шартталган. Азыркы батыш жана россиялык изилдөөчүлөр адамдын коомдук абалынын детерминанттарын анын экономикалык статусунан билим берүүчүлүк-кесиптик деңгээлине өтүшүн баса көрсөтөт. Мындай коомдо билим берүү адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн алдыңкы факторунун сапатына ээ болот.

6. Жобо негиздүү. Билим коомдук бардык чөйрөлөрүнө кирип, адамзат ишмердүүлүгүнүн пайдубалы катары кызмат кылуу менен адамдын коомдук

мобилдүүлүгүнүн факторлорунун системасынын функцияланышуусун камсыз кылат. Демек, ылайыктуу билим берүүчүлүк жана кесипкөйлүк деңгээлдин болуу шартында коомдук мобилдүүлүктүн фактору катары кызмат кылган социалдык көрүнүштөрдүн дараметин жүзөгө ашыруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу жөндөмдүүлүгү катары маңыздык мүнөзгө ээ. Бирок коомдун жана анын бардык чөйрөлөрүнүн абалынан, анын ичинде коомдук мобилдүүлүктүн, о.э. субъективдик факторлордун айкалышынан болгон көз карандылык аталган сапаттагы билим берүүнүн дараметинин жүзөгө ашырылуусун кыйындатат деп далилдейт.

Жыйынтыгында билим берүүнүн мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрүнүн күчөтүүсүн анализдөө концептуалдык-методологиялык деңгээлде түзүлүшү негизделип, анын маңызына, коомдук функцияларына баштапкы ой жүгүртүлөт, андан кийин азыркы коомдогу билим берүүнүн мобилдүүлүк дараметин оптималдаштырууга багытталган бир катар тажрыйбалык сунуштамалар калыптандырылат.

7. Жобо негиздүү. Изилдөөнүн натыйжасында билим берүү адамдын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу фактор катары ачылып берилди, келечекте да изилдөөнү талап кылат. Билим берүүнүн актуалдуулугу андагы болуп жаткан социомаданий трансформациялардын спецификасы менен шарттталып, ага негизделген коомдогу мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрдү дагы максаттуу изилдөө олуттуу мааниге ээ. Изилдөөнүн предмети менен объектисинин алкагындагы маселе заманбап коомдогу билим берүүнүн мобилдүүлүк дараметинин субъективдүү компонентин, адамдын билим берүүчүлүк муктаждыктарын кылдат изилдөөнү билдириши негизделет.

Демек, илимий жоболордун, корутундулардын жана сунуштардын негизделүү даражасы конкреттүүлүгү жана анықтыгы менен айырмаланып турат.

**III. Кандидаттык диссертациянын жаңылыгы жана ынанымдуулугу**

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы билим берүү феноменин социалдык мобилдүүлүктүн фактору катары талдоого алуу зарылдыгы менен аныкталат.

Илимий жаныдыктын конкреттүү элементтерине төмөндөгүлөрдү киргизүүгө болот: билим берүү феномениинин жеке концептуалдуу негизин, анын коомдук маани-маңызын ачып берүү аракети көрүлүп, социалдык мобилдүүлүктүн факторлорунун системасындагы билим берүүнүн орду аныкталды; социофилософиялык концепцияларды анализдөөнүн натыйжасында инсандын коомдук мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу негизги факторлордун бири катары билим берүү системасы экендиги далилденди; социогуманитардык илимдердин контекстинде колдонулуучу категориялардан болуп эсептелген билим берүүнүн социалдык мобилдүүлүктү жүзөгө ашыруудагы анын трансформацияланышы жана өзгөчөлүгү көрсөтүлдү; инсандын социалдык мейкиндиктеги орун которууларын

камсыз кылган максаттуу билим берүүнүн субъективдүү жана объективдүү факторлору аныкталды; заманбап коомдук түзүлүштөгү мобилдүүлүктү жогорулаткан билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн теориялык жана практикалык шарттарынын комплекси илимий негизде мүнөздөлдү.

Эмгектеги илимий натыйжалардын маанилүүлүгү алдыга коюлган милдеттердин актуалдуулугу жана проблеманы иштеп чыгуу даражасы менен аныкталат.

Изилдөөнүн материалдарын коомдук мобилдүүлүктүн фактору катары каралуучу билим берүү феномени маселеси боюнча атайын курстарды даярдоодо, саясат таануу, мамлекеттик башкаруу, социалдык философия ж.б. предметтер боюнча ЖОЖдо лекцияларды окууда жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот. Изилдөөнүн жыйынтыктары билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүүдө, билим берүү программаларынын жана улуттар аралык процесстердин концепцияларын иштеп чыгуу процессинде колдонулушу ыктымал.

Диссертацияда баалуу илимий жоболор менен катар айрым мүчүлүштүктөр орун алган:

1) ааламдашуу шартындагы билим берүүнүн коомдук болмушка тийгизген таасирин салыштырма анализ аркылуу терең изилдөө, адамды руханий кризистен алып чыгуудагы билимдин маанисин кеңейтип ачып берүү жакшы натыйжа бермек.
2) Иште айрым стилистикалык, техникалык мүчүлүштүктөр байкалат. Бирок алар иштин теориялык-методологиялык даражасын төмөндөтпөйт.

Туратбек кызы Жазгүлдүн 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча жазылган «Билим берүү феномени социалдык мобилдүүлүктүн фактору» аттуу кандидаттык диссертациясы социалдык философиянын проблемаларын чечүүгө салым кошкон квалификациялык илимий изилдөө болуп саналат.

**IV. Диссертациянын илимий иштерге коюлган талаптарга жооп бериши**

Диссертациядагы илимий натыйжалар иште коюлган максаттарга жана милдеттерге жооп толук берет. Тактап айтканда, изилдөөнүн максаты болуп бүгүнкү күндүн коомдук түзүлүшүндөгү адамдын социалдык мобилдүүлүгүн камсыз кылуучу негизи катары каралуучу билим берүүгө соицалдык-философиялык рефлексия эсептелет. Ага ылайык изденүүчү диссертацияда социалдык мобилдүүлүктүн факторлорунун системасындагы билим берүүнүн ордун аныктоо(I-бап), “социалдык мобилдүүлүк”, “билим берүү” түшүнүгүнүн маңыз-мазмунун ачуу, билим берүүнүн адамдын коомдук мобилдүүлүгүнүн жүзөгө ашырылуусуна тийгизген таасирин ачып көрсөтүү(I-бап), социалдык мобилдүүлүктү камсыз кылуудагы билим берүү менен шартталган

объективдүү жана субъективдүү факторлорго илимий мүнөздөмө берүү, бүгүнкү күндөгү социумдун мобилдүүлүк мүмкүнчүлүктөрүн жогорулаткан теориялык жана практикалык шарттардын комплексин аныктоо(II-бап), дайыма динамикалык процессте турган коомдо өзүнүн жашоосун шарттаган билим берүүгө алгачкы концептуалдык-методологиялык ой жүгүртүүнүн зарылчылыгын көрсөтүү милдеттерин койгон жана аны негиздеп, туура чечкен(II-бап).

**V.Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши**

Автореферат диссертациянын мазмунуна толугу менен ылайык келет.

Илимий изилдөөнүн негизги жоболору автор тарабынан Эл аралык жана илимий - практикалык илимий конференцияларда апробацияланган. Алар: Проблемы и перспективы развития семьи и форм брачных отношений в современном обществе // КГУСТА им. Н.Исанова. -Бишкек, 2011; Формирование познавательной активности будущих учителей средствами медиатехнологий //Международная летняя научная школа.- Астана, 2015г; Азыркы коомчулуктагы инсандын социалдык мобилдүүлүгүн камсыздандыруудагы билим берүү// КНУ им.Ж.Баласагына. - Бишкек, 2016.

Диссертациянын негизги жоболору, корутундулары жана натыйжалары КР ЖАК тарабынан сунушталган 11 илимий басылмаларда чагылдырылган.

Диссертация өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп эсептелет. Диссертациянын жарык көргөн бардык эмгектери, коргоого сунушталуучу жоболору, жеке автор тарабынан аткарылды жана иштелип чыкты.

Изилдөө жогорку илимий-теориялык деңгээлде аткарылган. Билим берүү феноменине берилген анализ автордун жетишээрлик илимий даярдыгынан кабар берет. Негизги теориялык жоболор жана жыйынтыктар, сунуштар жогорку даражада негизделген, алар аныктыгы жана жаңылыгы менен айырмаланат, каралган маселенин негизинде чыгарылган жалпылоолор изилдөөнүн жаңылыгы, логикалык негизделиши, далилдениши менен өзгөчөлөнүп турат.

Изденүүчүнүн жеке салымы катары билим берүү проблемасы боюнча өз алдынча теориялык-философиялык изилдөөлөрдү жүргүзүп, илимий концепттерди иштеп чыгышы, жаңычыл жоболорду сунушташы эсептелет.

Жалпысынан алганда, диссертацияда коюлган актуалдуу маселелерди концептуалдуу чечүүдө, андагы категориялар-түшүнүктөр системасын философиялык рефлексиядан өткөрүүдө талапкер өзүнүн койгон максатына жете алган, башкача айтканда диссертация бир бүтүндөй логикага ээ, квалификациялуу иликтөө системасы.

Жогоруда айтылгандарды эске алып, Туратбек кызы Жазгүлдүн 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча жазылган «Билим берүү феномени социалдык

мобилдүүлүктүн фактору» аттуу кандидаттык диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясы тарабынан бекитилген “Окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобого” толук жооп берет, ал эми диссертациянын автору Туратбек кызы Жазгүл 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент,
философия илимдеринин
доктору, профессор Э.К.Шарипова

Ош МУ
Тастыктаймын
20 17 ж. « 13 » 06
Кадрлар башкармалыгынын
начальниги Турдубаева Г.

Ош мамлекеттик университетинин
“Мамлекеттик жана муниципалдык
башкаруу” кафедрасы

Ош мамлекеттик университети
Ленин көчөсү 331
телефон: +996 (3222) 22912

E-mail: www.oshsu.kg